DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Какиева Г.А.*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ИНСАНДЫГЫН КАЛЫПТАНДЫРУУДА ҮЙ-БҮЛӨНҮН ЖАНА КЛАСС ЖЕТЕКЧИНИН РОЛУ

*Какиева Г.А.*

# РОЛЬ СЕМЬИ И КЛАССНОГО РУКОВОДИТЕЛЯ В ФОРМИРОВАНИИ ЛИЧНОСТИ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

*G. Kakieva*

# THE ROLE OF THE FAMILY AND THE CLASS TEACHER IN FORMATION OF THE PERSONALITY OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS

***“Балапан уяда эмнени көрсө - учканда ошону алат”.***
*(Эл макалы).*

*УДК: 372*

*Бул макалада учурдун олуттуу маселелеринин бири болгон башталгыч класстын окуучуларынын инсандыгын калыптандырууда үй-бүлөнүн жана класс жетекчинин ролу маселеси каралып, коомдун негизги маңызын түзүүчү болгон ата-эне жана баланын өз ара бири-бирине таасир этүүчү, ошондой эле бүгүнкү күндө билимдин төмөндүгү жана тарбиянын аксап жаткандыгынын кээ бир себептери көрсөтүлгөн. Ата-эненин жашоодо, турмушта алгачкы тарбиячы экендиги коомчулукта үй-бүлөлүк тарбиянын зарылдыгына токтолуу менен алгачкы тарбиячылар ата-энелерге берген мүнөздөмөсү жана үй-бүлөдөгү тарбиянын каражаттары жөнүндө баяндалат. Башталгыч класстын окуучуларына билим берүүдө жана инсандыгын калыптандырууда, тарбиялоонун зарылдыгы жөнүндө айтылат. Кыргыз элине тиешелүү болгон улуттук акыл-насааттарды балдарга окутуу, үйрөтүү аркылуу тарбиялоо зарылдыгы көрсөтүлгөн. Ата-энелердин үй-бүлөсү боюнча түшүнүктөрү, үй-бүлөнүн ынтымактуу жашоосу, турмуштун маанилүү экендиги баяндалат. Башталгыч класстардын окуучуларынын инсанын калыптандырууда, өнүктүрүүдө окуу программасында берилген темалардын негизинде окутуу процессин жүргүзүү сунуш кылынган. Анын мазмунунда балдардын туулуп өскөн айылын, эли-жерин сүйүүгө ошондой эле кыргыз элинин каада салттары, адамдардын эмгеги, үй-бүлөнүн ынтымактуулугу боюнча түшүнүктөрдү берүү каралган.*

***Негизги сөздөр:*** *инсан, үй-бүлө, ата-энелер, мугалим, тарбия, бала, мектеп, кызыгуу, билим, жаш өзгөчөлүктөрү.*

*В данной статье рассматривается роль семьи и классного руководителя в формировании личности учащихся начальных классов, что является одним из наиболее актуальных вопросов современности, приводятся некоторые причины. Акцентируя внимание на том, что родители являются первыми воспитателями в жизни, описывается необходимость семейного воспитания в обществе, характеристика основных воспитателей и средства семейного воспитания. Ученикам начальных классов рассказывают о необходимости воспитания и обучения в формировании личности. Необходимо воспитывать детей в национальных ценностях кыргызского народа. Описаны представления родителей о семье, семейной гармонии и важности жизни. Рекомендуется вести процесс обучения учащихся начальных классов по формированию личности на основе тем, заданных в учебной программе. В нем предусмотрена любовь к селу, где родились и выросли дети, а также традиции кыргызского народа, труд народа, единство семьи.*

***Ключевые слова:*** *личность, семья, родители, учитель, воспитание, ребенок, школа, интересы, знания, возрастные особенности.*

*This article discusses the role of the family and the class teacher in shaping the personality of primary school pupils, which is one of the most important issues of the day. Some reasons are given. Focusing on the fact that parents are the first educators in life, the need for family education in society, the characteristics of the main educators and the means of family education are described. Primary school pupils are told about the need for education and training in the formation of personality. It is necessary to educate children in the national values of the Kyrgyz people. The ideas of parents about the family, family harmony and the importance of life are described. It is recommended to conduct the process of teaching primary school students on the formation of personality on the basis of the topics set in the curriculum. It provides for love for the village, where children were born and raised, as well as the traditions of the Kyrgyz people, the work of the people, the unity of the family.*

***Key words:*** *personality, family, parents, teacher, upbringing, child, school, interests, knowledge, age characteristics.*

Баланын инсандыгын калыптандырууда өзөктүү проблемалардын бири болуп инсан, аны өнүктүрүү, калыптандыруу жана анын социалдашуу проблемасы эсептелет. Ата-эне менен баланын байланышын андан ары өнүктүрүү, үй-бүлөдөгү ата-эненин берген тарбиясына жараша болот. Балдардын тарбиялуулугу, түздөн түз ата-энеге таандык. Бирок ата-энелер талапты мугалимдерге коёт. Окуучулардын билимге болгон умтулуусун, каалоосун пайда кылуу ата-эне менен баланын ортосундагы мамилеге көз каранды. Окуучуларды үй-бүлөдө төмөнкү класстан баштап жомок жана адабий китеп окууга кызыктыруу, кругозорду кеңейтүү, инсандык асыл сапаттарын өстүрүү зарыл жана маанилүү. “Сөз чакырат, үлгү ээрчитет”- деген макалда айтылгандай ата-энелер өзүбүз үлгү болуп балдардын алдында китеп окуу, убакытты туура, үнөмдүү пайдалануу зарыл экендигин баса белгилеп кетүү керек. Адамгерчиликтин, маданияттын үлгүсүн балдар үй-бүлөдөн ала алат. Балдар билим-тарбияны жана маданиятты мугалимден алып, китептен окуп эле калыптанбайт. Үй-бүлөдө ата-энени көрүп да калыптанат.

Башталгыч класстардын окуучуларынын инсанын калыптандырууда кыргыз элинин көрүнүктүү педагогу Гапыр Мадаминов, орус элинин педагогу

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



В.А.Сухомлинский балалык- адам турмушундагы абдан маанилүү курак экендигине аныктама беришкен.

“Балаңызды тарбиялоо үчүн убактыңызды аябаңыз. Айрыкча балаңыздын 4-6 жаш курагында, кабылдоосу, акыл-эси, сезими калыптана турган кезде убакытты аябастан балаңыз менен кеңири машыгууңузду суранам” - деп Гапыр Мадаминов ата-энелерге кайрылган [4,6].

“Бүгүнкү балакайдын кандай инсан болоору - балалыктын кандай өткөнүнө, баланын ким колунан жетелегендигине, анын акыл эси жана жан дүйнөсү айлана-чөйрөдөн эмнени кабыл алганына байланыштуу” - деп жазган В.А. Сухомлинский [8, 97-б.].

Башталгыч класстын окуучуларынын инсанын калыптандырууда, үй-бүлөнүн жана класс жетекчинин ролу маанилүү экендигин негиз кылып ачып берүү илимий изилдөөнүн максаты болуп эсептелет. Ошондой эле окуучулардын инсандык сапаттарын калыптандыруунун маанисин, маңызын жана милдеттерин түшүндүрүү жетиштүү. Башталгыч класстын окуучуларына билим берүүдө ата-энелер менен иштөө изилдөөнүн максаты болуп эсептелет.

Азыркы балдар келечекти, дүйнөнү, адамды жана табиятты таанууга багыт алган окуучулар. Алар турмуштагы кубулуштарды жана окуяларды кызыкчылык, пайдалуулук, инсандык сапаттарын, эстетикалык таанып билүү көз караштарын баалоого даяр инсандар. Азыркы баланын ички резервдери ишмердиктин ар кандай түрлөрүндө: билим алууда, оюнда, музыкада, эмгекте, көркөм өнөрдө, изилдөөдө ачылат. Балдар ишмердиктин ар кандай түрлөрүн өз ара ишенимдүү айкалыштырып, инсандык сапаттарды ала алат. Кандай болгон учурда да инсандык сапаттарын өнүктүрүүдө ата-энелердин, педагогдордун көзөмөлүндө жана максаттуу окутуу менен тарбиялоонун жардамында жүргүзүү зарылчылыгы актуалдуу бойдон кала берет. Ошондуктан окуучулардын инсандык сапаттарын калыптандырууда ата-энелердин жана педагогдордун жардамынын негизинде окутуп, тарбиялоо негизги маселе.

Үй-бүлө эки адамдан куралат. Үй-бүлө коомдун күзгүсү. Бул жерде адамдар тарбияланып, мүнөздөрү калыптанып, эмгекке болгон мамилеси бекемделип, улууларды урматтоо, идеялык жана маданият байлыктарыбызды барктоо сезими уялай баштайт. Үй-бүлөдөгү мамиле, бири-бирин урматтоо, адамды баалоодогу эң жогорку көрсөткүч болуп эсептелет. Үй-бүлөдө бала өзү жашаган элдин, улуттун каада салтын, үрп - адаттарын, жашоо образын, баарлашуу өзгөчөлүктөрүн ж.б. үйрөнүү аркылуу инсан жана ошол элдин уулу катары жетиле баштайт [5, 46-б.].

Үй-бүлөдө өзүнүн мүчөлөрүнө коомдук аң-сезими, өз элинин ыймандык адептик эрежелери, жүрүм-турум адаттары ошондой эле өз мүчөлөрүн тарбиялоону, үй-бүлөдө өз ара мамилелешүү салттары чоң муундун кичи муунга үйрөтүүсү, ыймандык-рухий тарбия берүүсү ишке ашырылат.Үй-бүлөнүн рухий байлыктарынын ичинен анын идеялык асылдыктары эң маанилүү орунду ээлейт. Биз үй-бүлөлүк турмушка даярдоо багытында жаштарга үй-бүлөлүк мамилелердин негизинде жана үй-бүлөнүн эн маанилүү асылдыктарына, тактап айтканда, анын идеялык асылдыктарына байланыш маселелерди карап чыгуудабыз. Үй-бүлөнүн негизин ата-эне түзө турган болсо, андагы жүрүп жаткан түрдүү процесстердин натыйжасын көрсөтүүчү жыйынтык - бала болуп саналат, тактап айтканда үй-бүлөнүн түзүмү ата-эне жана баладан турат. Элибизде сөз бар: “Балапан уяда эмнени көрсө - учканда ошону алат” демекчи кандай үй-бүлө болбосун ошол үй-бүлөдөгү бардык иш аракеттерди коомдо күзгү сымал алып чыга турган жаңы инсан бул – бала.

Азыркы учурда үй-бүлө менен мектептин тыгыз байланышта эместиги турмушта көрүнүп турат. Көйгөйлүү маселелердин бири катары да карасак болот. Анткени ата-эне мектепке көп ишеним көрсөтөт. Бирок тарбия үй-бүлөдөн башталарына маани беришпейт. Ата-энелер балдардын тарбиясына жакшы көңүл бөлүшпөйт. Балдардын жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүүдө ата-эне балдарды тарбиялоодогу китепке, окууга болгон кызыгуусуна ар түрдүү ыкмалар менен иш алып барууга маани беришпейт. Ата-энелердин максаты болуп башталгыч класстардын окуучуларынын окууга болгон жөндөмдүүлүктөрүн, кызыгуусун өнүктүрүү, руханий адептик тарбиянын негиздерин калыптандыруу эсептелет. Балдарды тарбиялоонун милдеттеринин ичинде эмгек тарбиясы, өзүн-өзү тарбиялоодогу сабырдуу, чыдамкай болуу жана убакытты туура пайдаланууну талдап билүү.

Педагогикадан окутуу жана тарбиялоо процессинде инсандын өнүгүүсү, калыптануусу жана социалдашуусу үчүн бир топ натыйжалуу шарттарды иликтеп көрөлү. Мындай түшүнүктөргө адам, инсан, индивид кирет. Алардын ар биринде чоң маани жатат.

Адам – ой жүгүртүү жана сүйлөө жөндөмүн, курал жаратуу жана аны эмгек процессинде пайдалануу жөндөмдөрүнө ээ болгон жан, ал физикалык, руханий, табигый жана социалдык мурасталып алынган менен өздөштүрүлгөн нерселердин биримдиги эсептелет.

Инсан – бул адам. Индивиддин коомдук өнүгүүнүн жемиши, эмгектин, карым-катышын жана таанып билүүнүн, коом турмушунун конкреттүү тарыхый шарттары менен детерминацияланган субъектиси катары эсептөө кабыл алынган.

Индивид түшүнүгү адам тукумуна тиешелүүлүктү гана болжоп, эч кандай социалдык конкреттүү же психологиялык мүнөздөмөлөрдү камтыбайт [1, 52-б.]

Ар бир окуучу башка балдардан айырмаланып турат.Анын өзүнүн ички дүйнөсү, кызыгуусу, шыктуулугу жана мүмкүнчүлүктөрү бар. Ушуга байланыштуу ата-энелердин негизги милдети – класс же-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



текчи жана мугалимдер менен биргеликте баланы мектепке кызыгуу менен барууга, ага айлана-чөйрөнү таанып билүүгө жардам берүү жана жакшы билим алууга даярдоо. Жакшы билим алуунун негизги бөлүгү болуп жакшы окуу эсептелет. Кенже курак баланын китеп окууга болгон кызыгуусун ойготууга эң жакшы мезгил болуп эсептелет. Баарына белгилүү болгондой, баланын китепке болгон кызыгуусуна мектептин китепканасынын таасири чоң, бирок бул жерде негизги ролду үй-бүлө ойнойт. Ата-энелер менен карым-катнаш аркылуу жаш өспүрүмдөрдүн китепке болгон кызыгуусун өркүндөтүүгө болот. Инсанды чоңойтуудагы эң ылайыктуу чөйрө бул – үй-бүлө, мектеп, китепкананын биримдиги [9, 23-б.].

Башталгыч класс окуучуларынын инсанын калыптандырууда балдардын үй-бүлөдөгү тарбиясына ата-энелерди көңүлүн бурдуруу класс жетекчинин жардамында иш алып барылат. 1-класска келген айрым ата-энелердин балдары акыл-эси, ой жүгүртүүсү жагынан мектепке даяр эмес келишет. Мунун себеби эмнеде? Айрым үй-бүлөдө ажырашуулар, миграциянын өсүүсү, жетим балдардын санынын көбөйүүсү болуп, айрым ата-энелер балдарын чоң ата, таяталарына, туугандарына таштап коюшууда. Баарынан өкүнүчтүүсү мектепке даярдыксыз келген бала алгачкы күндөрдөн баштап сабакка жетишпей окуудан, билим алуудан, эсептөөдөн жадап мектепке баргысы келбей сабактарга болгон кызыгуусу жоголот. Бала күндө берилген материалдарды түшүнбөй, артта калуу менен ага тажатма сабак болуп, эптеп убакыт жана күн өтсө болду болот. Кийинчерээк жогорку класска барганда да китеп окуу, жазуу, сүйлөө, ойлоо төмөн болуп, окуу иш-аракеттерин аткарууда кыйналып, начар окуган балдардын катарына кошулуп, өз оюн эркин, айта албай, "туура эмес болуп калат", "балдар мени шылдыңдайт"- деген мааниде басынып, чөгүп кетет. Бул балада окууга болгон кызыгуу төмөндөп, илим-билимди жек көрүп, кыжырданууну пайда кылып, мен эч нерсе билбейм деген өкүнүчтө калат.

Мектепте окуган окуучулардын дагы бир проблемасы ата-эне менен мектептин, класс жетекчинин байланышынын начардыгында. Биринчи сентябрда баланы жетелеп келгени белгилүү. Андан кийин мектепке келип баланын билим алуусуна кызыкпайт. Азыркы учурда ата-энелердин көңүлүн ушул маселелерге буруп, мектеп менен үй-бүлөнүн байланышын чыңдоого, көмөктөшүүгө, мектепке ата-элерди тартуу жолдорун издөө керек. Ошондой эле ата-энелердин көңүлүн билим, маданият, үй-бүлөдө бала тарбиялоодо ийгиликке жетишүүнүн жолдорунун маанисин түшүндүрүү. Балдардын ар тараптуу өсүүсүнө бир гана ата-энелер күнөөлүү эмес. Дагы бир негизги проблемалардын бири мугалимдер да жеткиликтүү маани бере албай жатабыз. Мына ушул себептен бүгүнкү окуучулардын билими тайкы, жан дүйнөсү жарды болуп, кругозорунун өспөй калуусуна себеп болууда.

Мугалим биринчи кезекте бардык окуучуларга, алардын ата-энелерине үлгү боло турган личность-инсан. Мугалимдин жүрүм туруму, кийиниши адамдарга жасаган мамилеси, билимдүүлүгү, маданияттуулугу, тазалыгы, тактыгы жагынан тактап айтканда мугалим бардык жагынан үлгү болушу керек. Бул нерселер өзүнөн-өзү келбейт, өтө көп эмгекти талап кылат, анын эмгеги алган айлыгына жана эмгегинин татыктуу бааланышына түздөн-түз көз каранды. Класс жетекчи бала менен кыска, так, ачык, сүйлөшүп ага инсан катары мамиле кылып, жакшы аткарган иштерин колдоп, жактап, байкалбай калган жактарын акырын эскертип, жүрүм-турумун байкоосу, туура жолго салуусу талапка ылайык. Кээде окуучу үйдө ата-энеден көрбөгөн мээримди класс жетекчиден издейт. Ошол учурда класс жетекчи да мээримин бере албаса, окуучу коомдон четтеп, өзүнүн ичине камалуу коркунучуна кириптер болот. Дидактиканын негиздөөчүсү А.А.Коменский "Мугалимди атаң катары сүй..." - деп айтып өткөн [3, 37-б.]

Бул жашоодо ата-энеден кийинки нур бул, албетте мугалим. Ар бир адам мугалимсиз чоңойбостур, ар бир адам мугалимсиз дүйнөнү тааныбастыр. "Мугалим мөмөлүү дарак". Бул сөздүн астында терең маани жатат. Мугалимдин балдарга берген билими дайыма жашоодо нурун чачып, жол көрсөтүп турат. Класс жетекчини ата-энеден кийинки эне десек да аздык кылбас. Себеби ар бир балага өзүнүн баласындай убакыт бөлүп, артынан чуркап, билимин берип, уядан учурат. Класс жетекчини мөмөлүү дарактын өзөгү десек да болот. Анткени дарактын бардык бутактарын жашылдантып, мөмө берүүсүнө себеп болот [6, 37-б.].

Балдарды жакшы билүү үчүн балдардын үй-бүлөсүн, чоң ата, чоң энесин, ата-энесин, ага-эже бир туугандарын жакшы билүү зарыл. Баланын жан дүйнөсүн түздөө – тарбиячынын эң татаал иштеринин бири. Бул эң кылдат, эң түйшүктүү иште, маңызы боюнча, адам илиминин негизги сыноосунан өтөт. Адам болуу баланын жакшылык менен жамандыкты кантип үйрөнөөрүн көрүү, сезүү гана эмес, назик баланын жүрөгүн жамандыктан сактоо дегенди билдирет. "Балдардын кара, көк, күрөң көздөрүнө карап алардын жүрөгүн жылытуу үчүн менде мээримдүүлүк, жылуулук жетиштүүбү?" - деп В.А. Сухомлинский өз сөзүндө эскерет. Н.К. Крупскаянын сөзү эсиме түштү: «Бала үчүн идея инсандын ажырагыс бөлүгү. Аларга жек көргөн, чоочун адамдардын айтканына караганда сүйүктүү мугалимдин айтканын алар таптакыр башкача кабыл алышат. Мен балдарды жагымдуу сөз жана жеке үлгү менен тарбиялайм. Балдар менин сөздөрүмдөн жана иштеримден жакшылыкты, чындыкты, сулуулукту билиши керек. Ар бир сөзүмдүн артында

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жылуу мамиле, ак пейил, чын пейил болушу керек". [8, 17-б.]

Мугалим менен баланын ортосундагы мамилени жогорулатууну орустун улуу педагогу К.Д. Ушинский директорду мектептин башкы тарбиячысы деп атаган. Бирок башкы тарбиячынын ролу кандай шарттарда аткарылып жатат? Мугалим аркылуу балдарды тарбиялоо, мугалимдин-мугалими болуу, илимге, таалим-тарбияга үйрөтүү-бул абдан маанилүү. Бирок мектепти жетектөөнүн көп кырдуу процессинин бир гана жагы. Эгерде негизги тарбиячы кантип тарбиялоону гана үйрөтсө, бирок балдар менен түз байланышта болбосо, анда ал тарбиячы болбой калат -деген [8, 5].

Жан-Жак Руссонун өз замандаштарына зор таасирин тийгизген китеби билим берүү маселелерине арналган. Анын "Эмиль же тарбиялоо жөнүндө" эмгеги 1761-жылы жарык көргөн. Руссо анда адамдын тарбиясы жөнүндө айтат. "Бардык жерлер белгиленген коомдук тартипте, ар ким өз алдынча тарбияланышы керек" - деп жазган Ж.Ж.Руссо [7, 25-б.].

Эч бир бала башка балдарга окшош эмес. Булар бир тууган болгон күндө да ар биринин мүнөзү, кыялы ар башкача. Балдардын мүнөздөрүнө өз - өзүнчө маани берилбесе, алардын ар биринин табигый жүрүм-турумундагы айырмачылыктарын карап тарбиялоого болот. Балага тарбия берүүнүн, багыт көрсөтүүнүн эң таасирдүү жана оңой жолу – аны жакшы көрөрүңүздү сездирүү менен анын дүйнөсүнө кирүү. Аны менен ойноо, тамашалашуу сөздөрдү айтуу, баланы түшүнүүгө аракет кылуу. Баланын тили менен сүйлөшүп, аны менен жуурулушуу, балага айта турган нерсени айтып, үйрөнө турган нерсени үйрөтүүгө ыңгайлуу шарт түзүп берүү. Бул шартты пайдаланып, балага байкатпай багыт көрсөтүү керек [ 1, 275-б.].

Жыйынтыктап айтканда, баланы тарбиялоо үй-бүлөдө мектепке чейинки куракта башталса, анын дене-бою, акылы, адеп ахлагы, эмгек жана эстетикалык тарбиясына көңүл бөлүү маанилүү. Аларга жөнөкөйлүк, мээримдүүлүк, ак көңүлдүүлүк өзгөчө жоопкерчилик, акылмандуулук менен мамиле кылуусу керек. Бала ата-эненин адептүү жашоосунун күзгүсү. Ата-эне жан дүйнөсүнүн бир бөлүгүн балдарга арнаса, убакытты бирге өткөрсө, ата-энелик мээримди бере алса, балдар адамдардын кубанычын, кайгысын, жүрөгү менен сезип, туюп балдар сезимтал, боорукер болуп чоңоёт. Алардын жаш курактык өзгөчөлүктөрүн, психологилык, физиологиялык өсүү закон ченемдүүлүктөрүнө көңүл бөлсө, аны тарбиялоо процессинде эске алып пайдаланса бала мектепте эң жакшы окуп, мыкты инсан болуп калыптанат. Үй-бүлө менен класс жетекчи биргеликте иш алып баруусу зарыл. Анткени ата-энелер мектеп тарбиялайт деп ишеним көрсөтүшөт. Ал эми балдардын көпчүлүк убактысы үй-бүлөдө жана коомдук жайларда, достору менен мамилелешүүдө жумшалат. Класс жетекчи баланын өсүп өнүгүүсүндө, тарбиясында, ата-энеге педагогикалык кеңештерди берип, көзөмөлү аркылуу жардам берип туруусу маанилүү. Үй-бүлө менен мектеп дарыянын эки жээги сыяктуу көрүнөт. Баланын инсанын калыптандырууда бирдей роль ойнойт. Тактап айтканда бала мектепте 5-6 саат гана болсо, калган бөлүгүндөгү 17-18 саатын ата-эне менен биргеликте өткөрөт.

**Адабияттар:**


1. Акматов К., Бабаев Д., Кимсанов К. Педагогика. - Б., 2019.
2. Акматов К. Тарбиялык саатар. - Б., 2018.
3. Коменский А.А. Великая дидактика. - М., 1982.
4. Мадаминов Г.М. Ата-энелер сиздер үчүн. - Б., 2017.
5. Мурзаев М. Кыргыз этнопедагогикасындагы инсанды социалдашуусунун өнүгүүсү. - Б., 2013.
6. Мугалим журналы. - Б., 2019.
7. Полянский С.Н. Хрестоматия по педагогике. - М., 1967.
8. Сухомлинский В.А. Мугалимге жүз насаат. - Ф., 1983
9. Сухомлинский В.А. Сердце отдаю детям. - Р., 1973.
10. USAID. Башталгыч кластын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу боюнча ата-энелер үчүн программа китеби. - Б., 2016.
11. Какиева Г. Значение воспитания и обучения детей в детском саду посредством игровой деятельности. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2020. №. 4. С. 212-216.
12. Шарипова Р.З., Колбаева З. Место образования, религии и нравственных ценностей в духовном воспитании личности в условиях глобализации. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 5. С. 84-87